Жыйынтыктап айтканда, Туяк ырчыны өз чөлкөмүндөгү элдерибиздин жамы журту ырларын жатка айтып, обонго салып ырдап, сейрек кездешчү талантты аспептеп, туу тутуп, сыймык менен эстеп жүрүшөт. Акындын ырларынан мугалимдер, тарбиячылар жана ата-энелер тарбия маселелери боюнча пайдалуу кеңештерди таба алышат. Ошондой эле акындын чыгармаларынын тереңинде катылган орошон ойлорду иликтеп, изилдеп калың элге жеткирүүнүн, жаш муундарга таалим–тарбиялоо ишинде натыйжалуу пайдалануунун зор милдеттери али алдыда турат. Анткени, акын гуманист тарбиячы катары ыр саптарында адамды тарбиялоого ишеними күчтүү инсан экендигин жана ырларын жыйындарда жайылтуучу трибун төкмө болгондугун көрсөтөт. Ошондой эле адеп-ахлакка, ыйманга тиешелүү көп кымбаттуу асыл-ой насааттарды өз ичине камтыганын анын ырларын окуган адам байкабай койбойт.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Максутов З.Т., Бердыбаев А.К. Туяк ырчынын ырларындагы азыркы замандын тарбия процессинин чагылдырылышы // Известия вузов. – Бишкек , 2016. – №16. – С. 105-8.
2. Эрматов Э. Туяк ырчы -Ош, 2005.
3. Калдыбаева А.Т., Үкүева Б.К “Элдик акындар жана тарбия” Бишкек. – 1994.
4. Этика боюнча сөздүк -Фрунзе, “Кыргызстан” 1983.
5. “Туяк ырчынын башкаларга окшобогон тагдыр таржымалы”. Кыргыз туусу гезити 22.07.11.



УДК: 811.512.154

DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-2(1)-281-289



**Ниясалиева Б.А., Алтыкеева Н.Ж.**

Талас мамлекеттик университети, окутуучу,

Талас мамлекеттик университети, окутуучу

**Ниясалиева Б.А., Алтыкеева Н.Ж.**

Таласский государственный университет, преподаватель,

Таласский государственный университет, преподаватель

**Niyasalieva B.A., Altykeeva N.Zh.**

Talas State University, Teacher,

Talas State University, Teacher


# КӨРҮНҮШ, КЫЙМЫЛ-АРАКЕТКЕ БАЙЛАНЫШКАН ТҮШҮНҮКТҮ БИЛДИРҮҮНҮН ФОРМАСЫ КАТАРЫ КОЛДОНУЛГАН ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕР

# ФРАЗЕОЛОГИЗМЫ ИСПОЛЬЗУЕМЫЕ КАК ФОРМА ВЫРАЖЕНИЯ КОНЦЕПЦИИ, СВЯЗАННОЙ СО ВНЕШНИМ ВИДОМ, ДВИЖЕНИЕМ

# PHRASEOLOGICAL UNITS USED AS A FORM OF EXPRESSION OF A CONCEPT RELATED TO APPEARANCE, MOVEMENT


**Аннотация:** Кыргыз тилиндеги атоо маанисиндеги сөздөр сүйлөөчүнүн ар кандай көрүнүшкө болгон образдуу, элестүү ой жүгүртүүсүн эмес, нерсени, ар кандай ал-абалды жөн гана атап көрсөтөт. Ошондой эле атоо маанидеги фразеологизмдер да кезигет. Мындай

фразеологизмдер тилдеги башка фразеологизмдерге окшоп көркөм каражат катары колдонулбастан, кыймыл-аракетти жана ага байланышкан сөздөрдү билдирүүнүн каражаты болуп эсептелинүү менен бирге тилде активдүү колдонулат. Бул макалада көз компонентине тиешелүү болгон атоо маанидеги фразеологизмдерге токтолдук. Көз сөзүнүн компоненттерин төмөндөгүча бөлүштүрүп кароону туура деп таптык: кыймыл-аракеттик түшүнүк, эске тутуу, ой жүгүртүү түшүнүгү, ишеним түшүнүгү, адамдар ортосундагы мамиле түшүнүгү, адамдардын абалы түшүнүгү, бат (тез), кичинекей, тез түшүнүгү, өлүм түшүнүгү, көз карандылык түшүнүгү.

**Аннотация:** Значимые слова кыргызского языка передают не воображение увиденного говорящим, а просто перечисляют их состояние. А так же встречаются значимые фразеологизмы. Такие фразеологизмы используется не так художественные средства, а как особая форма обозначающая разные понятия. В данной статье остановились на значимые фразеологизмы. В статье компоненты слов подразделяются на: действие, запоминание, мышление, доверие, взаимопонимание, состояние человека, быстрота, малость,зависимость.

**Abstract:** Significant words of the Kyrgyz language do not cowey the imagination of what speaker has seen, but simply list their condition. As wall as there aresignificant phraseological units. Such phraseological units are used not as artistic means, but as a special form denoting different concepts.In thes arkticle, wo focucod on meaningful phraseological units. In the arkticle, the components of words are didided in to: action, memorization, thin king, trust, mutual understanding, human specd, smallness, dependence.

**Негизги сөздөр:** фразеологизмдер, атоо маанидеги сөздөр, компоненттер, түшүнүк, көркөм каражаттар, өзгөчө форма.

**Ключевые слова:** фразеологизмы, значимые слова, компоненты, понятия, художественные средства, особая форма

**Keywords:** phraseological units, meaningful words, components, definition, artistic means, special form.

Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн белгилүү бир тобу экспрессивдүүлүк касиетке ээ эмес. Анткени, мындай сөздөр сүйлөөчүнүн тигил же бул көрүнүшкө, нерсеге, түшүнүккө карата кандайдыр бир баасын билдирүү же аны элестүү, образдуу чагылдыруу үчүн эмес, турмуштагы тигил же бул нерсени, ал-абалды, белги-касиетти тек гана атап көрсөтүү милдетин аткарат. Демек, ушул табиятына байланыштуу алар стилистикалык жактан бейтарап келет да, тилдин бардыгында башка фразеологизмдердей көркөм каражат катары эмес, кандайдыр бир нерсеге, көрүнүшкө, кыймыл-аракетке байланышкан түшүнүктү билдирүүнүн өзүнчө бир формасы катары колдонулат. Кыргыз тилинде мындай фразеологизмдер катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:М: **Адам болуу** – 1)эр жетүү, киши катарына кошулуу; 2) оорудан айыгуу, ажалы жетүү – өлүү, дүйнөдөн кайтуу, ажалы жок **-** өлбөй аман калуу**; ажырашаар аяк -** башка жакка көчкөндө, коштошуу иретинде берилүүчү сый тамак, **дамбыр таш -** жазында күн биринчи күркүрөгөндү, чөптүн, сүттүн көп болушун тилеп, чаканы, бош идишти калдыратып, үйдү айлана жүгүрүү ,**колго салуу -** талкууга, добушка салуу, **көз боочу -** будамайлоочу, сыйкырчы жана башка.

Фразеологизмдердин стилистикалык ушул түрү анын башка түрлөрү менен компоненттүүлүгү, маанилик бүтүндүгү, составдык компоненттеринин туруктуулугу жана башка белгилери боюнча жалпылыкты түзөт. Айырмачылыгы, биринчиден, кепте атоо маанисинде колдонулушу жана образдуулук касиетке ээ эместиги. Экинчиден, стилдин

бардык түрлөрүнө бирдей даражада тиешелүүлүгү, башкача айтканда, стилистикалык нейтралдуулугу. Ушул өзгөчөлүктөрдү белгилөө менен бирдикте биз дагы кыргыз тилиндеги адам мүчөлөрүн бири болгон көз компонентинин кыргыз тилиндеги семантикалык мүнөздөмөсүнө кайрылмакчыбыз.

КӨЗ. Туркологдор көз жана көр деген з жана р тыбыштарынын алмашуусу аркылуу маанилери айырмалуу болуп калган,бирок бир уңгудан келип чыккан сөздөр деп эсептешет.Эгерде эң алгач көз деген зат атооч сөз жаралган деп билсек анда көр этиши болсо анын з тыбышынын р тыбышына алмаштыруудан келип чыккан болот . Мындай кубулуштар кыргыз тилиндеги семиз-семир, жапыз-жапыр сөздөрүндө да учурайт.Аларда з менен айтылганы атооч сөздөрдү билдирсе, р менен айтылганы кыймыл аракетти туюнтат.Мурда ушундайча сөз жасоо өзүнчө бир система болгон деп эсептегенде, жогорку сөздөр анын калдыгы болуп таанылат.

XI кылымда жазылган Махмуд Кашгаринин «Диванында» көз этиши азыркы кыргызча көрдү этишинин маанисинде колдонулат. Ушуга караганда көз сөзүнүн өзү эле көр этишинин маанисин да бергени аныкталат. Ушундай фактыга таянганда азыркы кыргызча күзгү сөзү да көз+гү формаларынан келип чыгат да, азыркыча көр+гү дегенге барабар келет. Күзгү сөзү «Байыркы түрк сөздүгүндө» ө тыбышы менен көзгү, көзү, түрүндө келет. Кыргыз тилинде болсо аягындагы ү тыбышынын таасири менен уңгудагы ө тыбышы ү тыбышына өтүп кеткен.

Күзгү сөзүндөгү күз уңгусунун азыркыча көр этшинин маанисинде болгондугу бир кезде көз сөзү зат атооч маанисин билдирүү менен, ошол эле формада туруп этиштин маанисин да бергенине далил боло алат.Башкача айтканда, күзгү сөзү жаралган кезде түрк тилдеринде көз «адамдын көзү» деген учурда да, ал көздү, «ал көрдү» деген учурда да колдоно бере турган сөз болгон. Ошондогу абал азыркы күзгү сөзүндө сакталып калган.

Кийин зат атооч маанисин билдирген көз сөзүнөн кыймыл аракетти бирдирген сөздү айырмалоо зарылчылыгы болгон кезде з тыбышын р тыбышына алмаштырып айтуудан көр сөзү жаралган. көз сөзүнүн компененттүүлүгүнө кайрылмакчыбыз[ 1, -123-б. ]

Көз- 1) Адамдын , жан-жаныбарлардын көрүү мүчөсү . М: көзүң ооруса колуңду тый, ичиң ооруса тамагыңды тый. (Макал).2) Бир нерсенин тешиги , жылчыгы , ачык бөлүгү , көзөнөгү. М: Ийненин көзү , терезенин көзү .3) Куржундун бир жак бөлүгү . М: Мына айтпайын , куржундун эки көзү толтура буудай алып келдик . (Жантөшев) .4) Көбүнчө шакектин кичине асыл толу мончок ж.б. орнотулган жери , бөлүгү. М: Шакектин көзү. 5) Күндүн , айдын бети. М: Жылтырайт бак ичинен айдын көзү.(Шүкүрбеков).

Көз сөзүнүн компоненттерин маанилерине карай төмөнкүдөй бөлүштүрөбүз:

1. Көздүн көрүү жана кыймыл –аракеттик жөндөмдүүлүгү менен байланышкан фразеологиялык бирдик
2. Эске тутуу,ой жүгүртүү жана сабаттуулук түшүнүктөрү менен байланышкан фразеологиялык бирдик.
3. Ишеним түшүнүгү менен байланышкан фразеологиялык бирдик.
4. Адамдар ортосундагы мамилени, мүнөздүү түшүндүрүүчү фразеологиялык бирдик.
5. Адамдардын абалын түшүндүрүүчү фразеологиялык бирдик.
6. Бат,тез,кичинекей,алыс түшүнүктөрүн билдирүүчү фразеологиялык бирдик.
7. Өлүм түшүнүгүн туюндуруучу фразеологиялык бирдик.
8. Көз каранды болуу түшүнүгүн түшүндүрүүчү фразеологиялык бирдик.

**1. Көздүн көрүү жана кыймыл аракеттик жөндөмдүүлүгү менен байланышкан фразеологиялык бирдик.**

1) Көздөн учуу – абдан зарыл болуу, табалоо, сагындыруу;
2) Көздөн далдаа болуу- а)көрүнбөө, карааны көрүнбөй калуу, б) Эптеп жашырылуу, билинбей калуу, байкалбоо;
3) Көз чаптыруу же көз жүгүртүү - жалпысынан карап чыгуу, байкоо;
4) Көз салуу- кароо, байкоо, абайлоо, сак болуу;
5) Көз акы- көрүп-билип жүргөнү же көрүп турганы үчүн тиешелүү деп эсептелинген үлүш;
6) Көзгө атар - жазбай аткан, мергендиги мыкты;
7) Көзгө сайса көрүнгүс - көрүүгө мүмкүн эмес, капкаранғы;
8) Көзгө урунуу (илинүү , чалдыгуу) - көзгө көрүнө калуу;
9) Көздөн ары болуу - көрүнбөй калуу , жашырынуу;
10) Көз жоруу- а) төрөлүү, жарык дүйнөгө келүү/балага карата; б) тергөө, боюнан бошонуу/аялга карата; [2, 80-б.]
11) Көз ирмебөө - уктай албай чыгуу, кирпик какпоо;
12) Көз кайгылуу /тоюу/ - өтө кооз, көркөм, сонун болуп көрүнүү, көркөмдүгүнөн көз уялуу;
13) Көз уялуу - а) күндүн же башка жарык нурдун чагылышына көз жалтанып, тике кароого мүмкүн болбоо; б) бир нерсенин кооздугуна, көркөмдүгүнө көз чаптыруу;
14) Көзү илинүү - бир аз уктап кетүү, үргүлөп кетүү;
15) Көзү караңгылоо - көзү тунарып жакшы көрө албоо, көрүү сезими начарлоо;
16) Көзүн албоо (айырбоо) - бирөөдөн же бир нерседен көзүн башка жакка бурбай тиктөө;
17) Көзүн кадоо (тигүү) - өтө көңүл коюп тиктеп калуу, көзүн албай кароо;
18) Көзү өтүү - кадала кароо, сугун артуу.

**2. Эске тутуу жана ой жүгүртүү жана сабаттуулук түшүнүктөрү менен байланышкан фразеологиялык бирдик**

1) Көзү ачылуу - бир нерсеге ачык, даана түшүнүү, билүү, билимдүү, сабаттуу болуу, аң сезими өсүү;
2) Көзү жетүү - түшүнүү, анык билүү, ачык сезүү;
3) Көздүн жоосун алуу - өтө кооз, көркөм болуп көрүнүү, кишини өзүнө тарткандай, адамды суктанткыдай көрүнүштө болуу;
4) Көз жүгүртүү /чаптыруу/ - а)жалпы байкоо жүргүзүү, үстүртөн карап көрүү; б) окуп, таанышып чыгуу;
5) Көз караш - а)бирөөнү кароо, көз кырын салуу аркылуу өзүнүн пикирин, кандай ойдо экендигин билгизүү манерасы; б) кимдир бирөөнүн, бирөө жөнүндө пайда болгон ой пикири түшүнүгү; в) турмуш,табигат, коом тууралсында жалпы түшүнүктүн , пикирдин системасы; [3, 62];
6) Көз кырын салуу - а) караланүү, жардам берүү, кам көрүү, б) бир нерсени байкоо максатында көз жүгүртүү, астыртан кароо;
7) Көзү ачык- көптү билип, көптү көргөн, ар нерседен кабардар, сабаттуу, билимдүү;
8) Көзү жетүү- эмне экенине, кандай болгондугуна ачык түшүнүү, эмне болоорун алдын ала билүү;
9) Көзү жылуу учуроо - мурдатан тааныган, билген же бир жолу көргөн кишиси сыяктанып сезилүү;
10) Көзүкө койгон болуу - көз алдынан кетпөө, көзгө көрүнүп (элестеп) туруп алуу;

11) Көзү туюк - а) эч нерсени түшүнбөгөн, көп нерсени туура ажырата албаган, билимсиз; б) сабатсыз, караңгы сабаты жок.

**3 .Ишеним түшүнүгү менен байланышкан фразеологиялык бирдик.**

**1)** Көз тийүү - элдик ишеним боюнча ооруп же башка бир кырсыкка учурап калгандай кылып, кимдир бирөөнүн сугу өтүү, көзү жумулуп калуу**;**

**2)** Көзүн байлоо – дубалап, сыйкырлап бир нерсени көрсөтпөй, сездирбей коюу, жазгыруу**;**

**3)** Көзү ачык- а) диний түшүнүк боюнча: жөнөкөй кишилерге көрүнбөгөн жин – шайтанды, арбакты көрө алган, олуялыгы бар**;**

**4)** Көзүн бое (будалоо) - алдоо, жазгыруу, алаксытып туруп жазгырып кетүү;

**5)** Көз боочу- а) алдамчы, сыйкырчы, б) гипнотизер;

**6)** Көз ирмебөө - уктабоо, кирпик какпоо.

**4. Адамдардын ортосундагы мамилелерди, мүнөзүн-түшүндүрүүчү фразеологиялык бирдик.**

**1)** Ач көз - нысапсыз, сараң, дүнүйө кор**;**

**2)** Көзгө басар - көзүн караган, көрүнүктүү**;**

**3)** Көз салуу - көмөктөшүү, жардамдашуу, каралашуу, жардам кылуу**;**

**4)** Көз боөмоочу - алдамчы, жазгырма;

**5)** Көз боочу - сыйкырчы, сыйкырлап коюучу**;**

**6)** Көзгө жылуу учуроо - а) мурда көргөндөй сезилүү, же көңүлгө жагымдуу болуп көрүнүү;

7) Көзгө илбөө - а) теңине албоо, киши катары көрбөө; б) уялбоо, ыйлактоо, ызаат кылбоо;

**8)** Көз жазгыруу (жаздыруу) - билинбей жылт коюу, кайра кеткенин билгизбей жок болуу**;**

**9)** Көз жашын көл кылуу - аябай, катуу ыйлоо;

**10**) Көз жумдумга салуу - иштин эмне болуп бүтөрүнө көзү толук жетпесе да, тобокел деп кирише берүү, эптеп бүтүрө салуунун аракетин кылуу**;**

**11**) Көз жумуу - билмексен, көрмөксөн болуу, тобокел кылуу;

**12**) Көз ирмебөө - жалтанып койбоо, жалтанбай тике кароо;

**13**) Көз көрсөтүү- «келди», «болду», «катышты» деп эсептелиш үчүн белгилүү бир жайга баруу, көрүнүп коюу;

**14)** Көз көрүнө – көзүнчө, көз алдынча, каратып туруп алдоо;

**15)** Көзү бозоруу - а)көпкөндүктөн эч нерсени тоотпойт, көзүнө илбей калуу, катуу көөп кетүү; б)көзү катуу, жутаган аябай эңсеген абалда**.**

**16)** Көзү жок баатыр – эч нерседен кайра тартпаган чыгаан батыр.

**17)** Көзү каныгуу - таамай билип кылуу, иши болуу, достошуу;

**18)** Көзү кызаруу – бир нерсеге абдан кызыгуу, суктануу, самоо, эңсөө;

**19)** Көзүн ала качуу – бирөөгө тике карай албай жалтактоо, көрүнбөөгө карабоого аракет кылуу;

**20)** Көзүн ачуу- бирди көрсөтүү, сазайын берүү, эсине келтирүү;[ 4,108-б]

**21)** Көзүндө огу болсо атып жиберчүдөй – абдан жек көрүп, ачуусун көзүнөн билгизип турган адамга карата айтылат;

**22)** Көзүндө оту бар – өтө тың, өткүр, кайраттуу;

**23)** Көзүн май басуу – максатына, байлыгына жана башка абалына жараша менменсип, көөп кетүү, теңсинбей догуурсуп калуу;

**24)** Көзүнө айтуу - бетине (өзүнө) тике айтуу;

**25**) Көзүнө илбөө – тоотпоо, теңсинбөө, киши катары көрбөө;

**26)** Көзүнө карабоо – а) «түгөнүп калат», «керек болот» деп ойлобой, марттык менен болгонун сарп кыла берүү; б)кимдир бирөөгө оор тийип калабы дебей, оюндагысын тайманбай айтып салуу;

**27)-** Көзүнө көрүнүү – а)таанылуу, ким экенин билдирүү; б) бирди көрсөтүү, жазасын колуна берүү**;**

**28**) Көзүнөн чаары чыгуу - абдан ачуулануу, каардануу, жини келүү;

**29)** Көзүнөн чыксын - бирөөнүн кылган жакшылыгын эске албаган кишиге карата наалат айтуу маанисинде колдонулат;

**30)** Көзүнө чөп салуу- а)көз жазгыруу, алдоо; б)бузукулук кылуу;

**31**) Көзүнүн кыйыгы менен кароо - тымызын көз салуу, алдыртан байкоо жүргүзүү**;**

**32**) Көзүнүн агы (карасы, кареги) менен тең айлануу - а)бирөөнүн ою менен болуп анын каалаганын иштөө; б)бирөөгө кошомат кылуу, жагынуу аракетин жасоо;

**33**) Көзүнүн агы (төбөсү) менен кароо - жек көрүп же жактырбай акырая кароо**;**

**34**) Көзүңө ок түшсүн - көзүң ак чеч болсун деген каргыш маанисинде айтылат;

**35)** Көзү (эти, жүнү) тирүү- бышык, чыйрак, идиректүү, тың**;**

**36**) Көзү түз - мамилеси жакшы, ниети таза, арам ою жок;

**37)** Көзү чанагынан чыгуу - аябай коркуу же таң калуудан улам көзү чоң ачылып алая түшүү**;**

**38)** Көзү шилисинен чыгуу (өтүү) - ачуу каар менен тике тиктеп кароо**;**

**39)** Ач көз - нысапсыз, сараң, дүнүйө кор;

**40)** Көз ирмебөө - жалтанбоо, жазганбоо**;**

**41**) Көз көрүнөө-көзүнчө - деген фразеологизмдердин бир эле түшүндүрмөсү бар. Ал- көз алдында каратып туруп ачык жашырбай;

**42)** Иштин көзүн табуу - иштин жөн-жайын, ыгын табуу;

**43)** Көзү бозоруу - өтө көөп кетип ар нерсени тоотпой калуу;

**44)** Жумган көзүн ачпады - а)тынчын алар, эч кандай себеп жок, бей марал жата берди; б)киши келдиби дебей ыңгыранып тоотпой койду**;**

**45)** Суук көз - жаман ниеттеги жат киши, душман**;**

**46)** Эски малдын көзүндөй - тааныш, мурдатан тааныган.

**5. Адамдардын абалын түшүндүрүүчү фразеологиялык бирдик.**

**1)** Көз байкоо - диний жактан, дубалап коюу, сыйкырлоо, жазгыруу;

**2)** Көз артуу - кызыгуу, суктануу;

**3)** Көз ачып көргөн, ооз ачып өпкөн - эң биринчи төрөлгөн, эң биринчи кубанычы болгон**;**

**4)** Көзгө суук көрүнүү (учуроо) - көрүнүшү, кебетеси жаман сезилүү, адам иренжигидей көрүнүштө болуу**; [5., 203-б.]**

**5)** Көздөн учуу - а) бирөөнү көргүсү келип самап көрсөм деп эңсөө; б)бир нерсеге абдан муктаж болуу;

**6)** Көз жаздымында калуу - байкалбай билинбей, көңүлгө салынбай калуу;

**7)** Көз кумарын көндүрүү - бир нерсени моокуму канганча, ыраазы болгончо карап, канием алуу;

**8)** Көзү бозоруу - аял төрөп жатканда көп кан кеткендиктен, абдан алсыз болуп, эс учун жоготуу, эч нерсени сезбей калуу**;**

**9)** Көзү кайноо - денеси ысып, талмоорup туруу;

**10)** Көзү караңгылоо - алсырап, эс - учун жогото баштоо;

**11)** Көзү коюулуу - уйкусу келип, магдырап, көшүлүңкү тарткан абалда болуу;

**12)** Көзү кыйбоо - бир нерсени колдон чыгаргысы, башка бирөөгө бергиси, ыраа көргүсү келбөө;
**13)** Көзү кычышуу - бир нерсеге өтө кызыгуу, суктануу;
**14)** Көзүнөн кара (чоор) чымын учуу - башы айланып,к өзү караңгылап, ала-була нерселер учуп жүргөндөй көрүнүү;
**15)** Көзүнөн от чагылуу - дененин катуу оорушунан улам көз алдында учкун пайда боло калгандай сезилип, абдан кыйналуу, жаны кейүү;
**16)** Көзүн тазалоо - жок кылуу, жоготуу, бүтүрүү;
**17)** Көзүнүн кычуусу кануу - көрүп ыраазы болуу, моокуму кануу;
**18)** Көзүң аккыр - ыйлап жаткан же бир нерсени көрө албай, кайсалап калган кишиге карата көзүң соолуп, агып түшүп калсын деп наалат айтуу, каргоо маанисинде колдонулат**;**
**19)** Көзүң жамандыкты көрбөсүн - өзү көргөн, үстүнөн чыккан кандайдыр бир жагымсыз, укмуш окуяны баяндоодо анын адамга терс таасир этишин, жек көргөндүгүн билдирүү;
**20)** Көзү тартуу - оң же сол көздүн эттери кыймылдап тартылышып, жакшылык же жамандык белгиси катары баалоо;
**21)** Көзү тоюу - көргөн нерсесине аябай ыраазы болуу, канааттануу, көңүлгө толуу;
**22)** Көзү түшүү - а)бир нерсени аябай жактыруу, алгысы келүү, суктануу; б) бирөөнү сүйүп калуу;
**23)** Көзү умачтай ачылуу - а)уйкусу тароо, ойгонуп кетүү; б) билбегенди билүү, көп нерселерге ачык, даана түшүнүү; в)жаңы сеп алуу, тынчый түшүү;
**24)** Көз чалуу - күтүлбөгөн жерден көрүп калуу, байкап калуу;
**25)** Көзү бозоруу - карайлоо, көзү тунарып көрбөй калуу**;**
**26**) Бир көзүнөн жаш, бир көзүнөн кан агуу – катуу жазалоо, азап көрсөтүп кыйноо;
**27)** Төрт көзү түгөл – баары аман-эсен, баары жайында.

**6. Бат, тез, кичинекей, алыс түшүнүктөрдү билдирүүчү фразеологиялык бирдик.**

1. Көз ачып жумганча - заматта бир паста, тез арада, антип-минткенче;
2. Көзгө илешпөө - өтө, тез, бат кыймылдоо; өтө майда, абдан кичинекей көрүнүү;
3. Көз ачырбай - бир заматта, дароо, бир паста; тынымсыз, дембе -дем, удаа - удаа;
4. Көзгө илешпөө (илинбөө) - чимирик болуп айлануу, көзгө анча көрүнө бербөө;
5. Көздөн кайым болуу - тез эле көрүнбөй калуу, кайда кеткени билинбей жоголуу;
6. Көздүн жашындай - болор-болбос, кичинекей адам жарыбагандай;
7. Көз жеткис - өтө, алыс, узак, учу-кыйыры жок;
8. Көз ирмемге келбей-бир заматта, көз ачып жумганча;
9. Көз кайкуу - учу кыйырына көз жеткис, көп болуп көрүнүү; [6.,79-б]
10. Көзү чачыроо - бир нерсени өтө чыдамсыздык менен күтүү, абдан эңсөө;
11. Көзгө басар - жалгыз, бар болгон, көрүнүктүү, көзүн караган.

**7. Өлүм түшүнүгүн туюндуруучу фразеологиялык бирдик.**

1. Көз жумуу - өлүү, каза табуу, дүйнөдөн кайтуу;
2. Көзү ачык кетүү, көзү ачык өтүү - эч жакшылык, эч жыргалчылыкты билбей каза болуу, жаштайында өлүү;
3. Көз көрсөтүү - каза болгон адамдын үй-бүлөсүнө, туугандарына көңүл айтуу, көрүнүп коюу; 4. Көзүн тазалоо-өлтүрүү, жайлап салуу, жок кылуу;
5. көзү өтүү - каза табуу, өлүү.

**8.Көз каранды болуу түшүнүгүн туюндуруучу ф.б**

**1.** Көз болуу - көздөп, кайтарып туруу;

**2.** Көз каранды - өз алдынча, өз эркинче боло албаган, бирөөнүн колун караган, ага баш ийген; **3.** Көз майы түгөнүү - карай берүү, тиктей берүү, көзүнүн курчу кетүү, көзү талуу**;**
**4**. Көзү бозоруу - карайлоо, көзү көрбөй калуу, тунаруу**;**
**5.** Көзү катуу - көрүүгө, жетүүгө зар болуу, кемчил болгон нерсесин аябай самоо**;**
**6**.Көзүн ача элек - өтө жаш, чоңоюп жетиле элек;
**7.** Көзүн кароо - бирөөгө көз каранды болуу, айтканы менен болуу, оюндагысын аткаруу, бирөөнүн жардамына, колдоосуна муктаж болуу;
**8.** Көзүнөн канн алуу-аябай ыза кылып ыйлатуу,көрдүк көрсөтүү;
**9.** Көзүн сатуу - бирөөдөн үмүт кылып зарыла кароо, үмүткөр болуп жалдыроо;
**10.** Көз көрүнө - көзүнчө, көз алдында, каратып туруп, ачык жашырбай**;**
**11.** Көзү бозоруу - көзү катуу, жутап калуу;
**12.** Киши көзүн карабоо - бирөөгө көз каранды болбоо, өз алдынча болуу.

**Таблица 1. Көз сөзүнө тиешелүү фразеологизмдер**

| **№** | **Көз сөзүнө тиешелүү фразеологизмдердин бөлүнүштөрү** | **саны** |
|---|---|---|
| 1 | Көздүн көрүү жана кыймыл-аракеттик жөндөмдүүлүгү менен байланышкан фразеологизмдер | 18 |
| 2 | Эске туту, ой жүгүртүү жана сабаттуулук түшүнүктөрү менен байланышкан фразеологизмдер | 11 |
| 3 | Ишеним түшүнүгү менен байланышкан фразеологизмдер | 6 |
| 4 | Адамдар ортосундагы мамилени, мүнөздү түшүндүрүүчү фразеологизмдер | 46 |
| 5 | Адамдардын абалын түшүндүрүүчү фразеологизмдер | 27 |
| 6 | Бат, тез, кичинекей, алыс түшүнүктөрдү билдирүүчү фразеологизмде | 11 |
| 7 | Өлүм түшүнүгүн туюндуруучу фразеологизмдер | 5 |
| 8 | Көз каранды болуу түшүнүгүн туюдуруучу фразеологизмдер | 12 |

**Колдонулган адабияттар:**


1. Сейдакматов К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү -Ф.,1988.
2. Карасаев Х. Накыл сөздөр: Тил казынасынан баян. -Ф., 1982
3. Осмонова Б Кыргыз тилиндеги идиомалар -Ф., 1972.,
4. Орузбаева Б. О. Сөз курамы -Б., 2000.
5. Абдулдаев Э., Сейдакматов К. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү. - Ф., 1990.
6. Мамытов Ж. Көркөм чыгарманын тили -Ф., 1990.


**Кошумча адабияттар:**


1. Мукамбаев Ж. Кыргыз диалектологиясы жана фразеологиясы. -Б.,1998.
2. Муканбаев.Ж. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү -Ф., 1976.

3. Сапарбаева А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы -- Б.,1997.
4. Юдахин К.К. Кыргызча – орусча сөздүк. М., 1985, I–II том.
5. Юнусалиев Б.М. Тандалган эмгектер. Ф., 1974.
6. И.К.Ахунбаев Анатомиялык физиологиялык терминдер. Орусча кыргызча сөздүк . – Ф.,1980.
7. Назаров А.П. Кыргыз тилинде фразеологизмдердин маанисин күчөтүүнүн жолдору //Эл агартуу// -Б.,1982 №7 -48-51-б.
8. Назаров А.П.Фразеологизмдердин компоненттеринин арасына сөз же сөз айкаштарын кошуу //Эл агартуу// -Ф., 1983.

УДК 281
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-2(1)-289-292

**Осмонова Жазгүл Рысбаевна**
Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети, окутуучу
**Осмонова Жазгүл Рысбаевна**
Кыргызско-Узбекский международный университета им. Б.Сыдыкова, преподователь
**Osmonova Jazgul Rysbaevna**
Kyrgyz-Uzbek International University B. Sydykov, Teacher

# ЖАЗУУЧУ, ДРАМАТРУГ, АКЫН, ПУБЛИЦИСТ, ЖУРНАЛИСТ МЕҢДИ МАМАЗАИРОВАНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЧЫЙЫР ЖОЛУ
# ТВОРЧЕСКИЙ ПУТЬ ПИСАТЕЛЯ, ДРАМАТУРТА, ПУБЛИЦИСТА И ЖУРНАЛИСТА МЕНДИ МАМАЗАИРОВА
# CREATIVE TRAIL OF THE WRITER, DRAMATIST, POET, PUBLICIST, JOURNALIST MENDY MAMAZAIROVA

**Аннотация:** Макалада кыргыз жана дүйнөлүк адабият таануу илиминин жетишкендиктерине негизделип, акын Меңди Мамазаированын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү, анын мекен темасындагы ырларынын, поэмаларынын, романдарынын, идеялык-тематикалык, стилдик бөтөнчөлүкутөрү, образдуулукту түзүү каражаттары тууралуу сөз болот. Акындын чыгармаларынын сюжеттик жана композициялык өзгөчөлүктөрү тууралуу кеп кылат.

**Аннотация:** На основе достижений кыргызского и мирового литературоведения в статье рассказывается о творческих особенностях поэта Менди Мамазаировой его стихах, поэмах, романах, идейно-тематических, стилистических особенностях, средствах создания образности. Он рассказывает о сюжетных и композиционных особенностях произведений поэта.

**Abstract:** Based on the achievements of Kyrgyz and world literary criticism, the article describes the creative features of the poet Mendi Mamazairova, his poems, poems, novels, ideological, thematic, stylistic features, means of creating imagery. He talks about the plot and compositional features of the poet's works.

**Негизги сөздөр:** идеялык-тематикалык өзгөчөлүктөр, поэтика, драматруг, поэтикалык-көркөмдүк, стилдик бөтөнчөлүк, публицист, улуттук адабият.